# АДАМ ЖАНА КООМ
# предмети боюнча 2023-2024-окуу жылына методикалык сунуштар

**КОЗУБАЕВА БУРУЛ – КББАнын**

**Социалдык-гуманитардык билим берүү**

**лабораториясынын ага илимий кызматкери**

# Заманбап коомдун талаптарына ылайык жалпы билим берүүчү уюмдарга

Улуттук баалуулуктарды сактаган жана өнүктүргөн, өзүнүн укуктарын жана милдеттерин билген, жоопкерчиликтүү, активдүү, коомдун ар кыл чөйрөлөрүндө өз алдынча ишмердүүлүккө даяр болгон кыргыз жаранын калыптандыруу милдети коюлган.

Бул милдет мамлекеттин негизин түзүүчү Адам жана коом предметинде ишке ашат:

Теориялык: окуучуларга улуттук нарк, адеп-ахлак, руханий баалуулуктар, жарандын укуктары жана милдеттери тууралуу билим берилет

Практикалык: окуучуларга коомдун бардык чөйрөлөрү тууралуу билим гана бербестен, ошол билимдерин практикалык ишмердүүлүк аркылуу турмушта колдоно алуу, көйгөйлөрдү чечүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырат.

**Жетекчиликке алынуучу нормативдик документтер:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Улуттук нарк жөнүндө” Жарлыгы (2022) https://www.president.kg/

2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы (2020) https://www.president.kg/

Адам жана коом предмети боюнча Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн предметтик стандарт (2015, 2022) https://edu.gov.kg http://kao.kg/

Адам жана коом предмети боюнча Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн программа. 5-6-кл. (2018) жана 7-8-9-10-11-кл. (2023) https://edu.gov.kg http://kao.kg/

Нормативдик документтердеги тарбиялык багыттарды ишке ашыруу.

1. 2021–2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы

- 2013-2017-жылдары Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы;

- 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы.




Концепция: жарандык бирдейликти жана элдердин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо, укуктуулукту камсыздоого өбөлгө түзүү максатын көздөйт

## 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн КОНЦЕПЦИЯСЫ

Кыргыз жараны - бул этностук, диний, социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан, КР Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар КР жараны.

Кыргыз жараны – "Кыргыз Республикасы" аталышынан келип чыгат жана өздөрүнүн этномаданий бирдейлигин сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирген жалпы жарандык бирдейликтин термини болуп саналат

## Концепциянын негизги принциптери

- Кыргыз Республикасынын бардык бекитилген конституциялык ченемдерин жана мыйзамдарын сактоого багыт алуу

- Кыргыз Республикасынын жарандарынын этностук, диний, социалдык жана аймактык таандыктыгына карабастан, тең укуктуулугун кепилдөө менен басмырлоого жол бербөө

- ыктыярдуулук, көп түрдүүлүктү урматтоо жана таануу, жарандардын укуктары менен милдеттеринин, ар түрдүү көз караштагы ар кандай топтордун ортосундагы тең салмактуулукту камсыздоо

- Кыргыз жаранын жана мамлекетти өнүктүрүүгө кызыкдар болгон бардык тараптардын өз ара аракеттенүүсү жана өнөктөштүгү

Концепциянын артыкчылыктуу багыттары:

1. Кыргыз жараны деп өзүн таанууну аң-сезимдүү түшүнүүнү калыптандыруу.

2. Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоо, толеранттуулукту жогорулатуу жана көп түрдүүлүк дөөлөттөрүн урматтоону сактоо.

3. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, көп тилдүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү.

4. Башкаруу жана чечим кабыл алуу процесстерине катышууга бирдей шарттарды түзүү.

5. Саясий институттарга жана мамлекеттик бийлик органдарына карата ишенимди жогорулатуу.

Кыргыз жараны – жарандык иденттүүлүк аркылуу калыптанат.

Иденттүүлүк – адамдын ар кандай чөйрөдө жана ар кандай өңүттөн өзүн-өзү таануусу, анык бир топко, уруугa, улутка окшоштугу, өзүн инсандык позициядан ишке ашыруусу.

Иденттүүлүктүн түрлөрү: жарандык, социалдык, диний, кесиптик ж.б.

Жарандык иденттүүлүк – бул адамдын этносуна, тилине, динине карабастан өзүн улуттук мамлекетке жарандык таандыгын сезип-билүүсү.

# 2. 2022-2027-жылдарга улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программаны ишке ашыруу

“Улуттук нарк – ааламдашуу менен санариптештирүүгө карабастан, кадыр-баркты жана ар-намысты, айкөлдүктү жана адилеттүүлүктү, абийирди, боорукердикти сактаган жана талыкпай эмгектенген көчмөн жоокердин улуу мыйзамы”

https://www.president.kg/kg/okujalar/23248_20222027_ghildarga_uluttuk_narkti_saktoo_ghana_nktr_ghnnd_uluttuk_programma_bekitildi

Улуттук нарк

Улуттук нарк үй-бүлөдөн баштап топтор, жамааттар, коомчулук аркылуу сакталып, корголуп, муундан-муунга өтүп келет.

Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган элдин улуттук наркы, маданияты, каада-салты, үрп-адаты окшош жана бири-бирин толуктап турат.

Ар бир элдин улуттук наркы: ата-энени сыйлоо, уул-кызга камкордук көрүү жана тарбиялоо, үй-бүлөнү аздектөө, улууга урмат, кичүүгө ызат көрсөтүү, ж.б. баалуулуктар менен толукталып турат.

Жарлыктын негизинде түзүлгөн Улуттук программа Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган элдин улуттук наркын изилдеп-үйрөнүү, бирдейлештирүү боюнча иш алып барат.

Адам жана коом предметине тиешелүү багыттары:

- үй-бүлөлүк улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү;
- билим берүү чөйрөсүндө улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү;
- дин, миграция жана маалымат чөйрөсүндөгү иш-чараларды ишке ашыруу.

Бул иштерге катышууда Адам жана коом предмети төмөнкү милдеттерди ишке ашырууну колдойт:

- үй-бүлөдө өсүп келе жаткан муун үчүн жүрүм-турум моделин калыптандыруу;
- кыргыздардын жана Кыргызстан элинин улуттук наркын чагылдырган көргөзмөлөргө, жарменкелерди уюштурууга жана конкурстарга катышуу;
- баарлашуу аянтчасында улуттук нарк боюнча актуалдуу темалардын үстүнөн талкууларды, иш-чараларды өткөрүү, ж.б.

# Предметтеги өзгөрүүлөр

2023-2024-окуу жылы үчүн Базистик окуу план боюнча кыргыз, орус, өзбек, тажик жана дунган тилдүү жалпы билим берүүчү уюмдарда Адам жана коом предмети 5-класстан баштап 11-класска чейин жумасына 1 саат, жылына 34 саат окутулат.

Ушул окуу жылынан баштап
7-8-класстардагы Адам жана коом предметине 2 саат (7-класс: 1 саат, 8-класс: 1 саат) берилди.

Адам жана коом предметин окутууда төмөнкү окуу-нормативдик документтерге таянуу зарыл:

5-6-класстар 2018-жылы КББАда бекитилген Адам жана коом предмети боюнча окуу программанын негизинде;

7-8-9-10-11-класстар 2023-жылы КББАда бекитилген Адам жана коом предмети боюнча окуу программанын негизинде окутулат.




өзүн-өзү таануу, өзүн-өзү өнүктүрүү,

укуктук талаа, менин милдеттерим,

жашыл экономика, финансылык сабаттуулук, ж.б.

# Сунушталуучу кошумча окуу-методикалык материалдар

- 5-8-9-10-11-класстар үчүн кошумча окуу куралдары https://onlinekitep.kg/ru/

- Жарантаануу курсунун мугалиминин ресурстук китеби 9-11- класстар үчүн ШСЭАФ, Бишкек - 2014. http://kao.kg

- Менин кирешелүү чарбам. 9-11 - класстар үчүн кошумча окуу китеби. БУУнун UN Women структурасы. Бишкек – 2016 http://kao.kg

- “Менин коопсуз жана бейпил мектебим”. 9-10-класстар үчүн кошумча окуу куралы. Геральд Гюнтер ж.б. – Б.: “Тех.плюс”, 2016. – 184 б. http://kao.kg

- Мугалимдер үчүн методикалык жардамдар. Укуктук аймак. Кыргызстан юридикалык клиникалар ассоциациясы https://ukuk.alc.kg/index.php?act=material&id=17

- Окуучулар үчүн методикалык жардамдар. Укуктук аймак. Кыргызстан юридикалык клиникалар ассоциациясы https://www.alc.kg/ukuktuk-suroolor/

- Правозащитный воркаут. Онлайн-курс https://www.eduworkout.org

- Марафон писем https://academy.amnesty.org/learn/signin

**Талкуулоого сунушталган маселелер:**

1. Кыргыз жараны – жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу концепциясын ишке ашыруунун маселелери.

2. Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программаны ишке ашырууга катышуу маселелери.

3. 7-8-кл. жаңы программа менен иштөөну уюштуруу.

4. Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун методдору.

5. Кыргыз жаранын калыптандыруу боюнча сунушталган методикалык колдонмолор менен иштөө.

6. Окутуу процессинде санариптик технологияларды колдонуунун өзгөчөлүктөрү.

7. Ар түрдүү: иш-чараларды, конференцияларды, класстык сааттардын жана тегерек столдордун темаларын тактоо.

# Көңүл бурганыңыздарга ыраазычылык билдирем!